Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ, АРХИТЕКТУРА, КУРУЛУШ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН БУЙРУГУ

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 31-декабрындагы № 33-чуа буйругу менен бекитилген «Ысык-Ата жер жаракасына чектеш Бишкек шаарынын жана айылдардын аймактарында курулуштарды долбоорлоо жана куру» КР КЧ 31-02:2018 Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерине» өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Курулуштагы ченемдик базаны Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук акттары жөнүндө» мыйзамдарынын талаптарына ылайык келтирүү максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектурасы жөнүндө» Мыйзамын ишке ашыруу үчүн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы № 530 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 3-мартындагы № 68 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт, архитектура, курулуш жана коммуникациялар министрлигинин (мындан ары - ТАККМ) жонундо жобону жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 31-декабрындагы № 33-чуа буйругу менен бекитилген «Ысык-Ата жер жаракасына чектеш Бишкек шаарынын жана айылдардын аймактарында курулуштарды долбоорлоо жана куру» КР КЧ 31-02:2018 Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерине» № 1 өзгөртүүлөр тиркемеге ылайык киргизилсин.
2. ТАККМдын ведомстволук жана аймактык түзүмдөрүнүн баардык жетекчилери ушул буйрукту жетекчиликке алышсын.
3. ТАККМнин алдындагы Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтуна:

УКБ
жетектөөчү адиси ____________А.М. Сейитова Министр ________________ Г.К. Абдралиева
«_____»_________________2021 г. «_____»_________________2021 г

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 177 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоонун булактары жөнүндө» токтомуна ылайык ушул буйруктун расмий жарыяланышы боюнча чараларды көрсүн;

- ушул буйрук расмий жарыялангандан кийин үч жумуш күндүн ичинде буйруктун көчүрмөлөрү эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде, электрондук жана кагазда түрүндө, буйрукту жарыялаган басылманы көрсөтүп, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберилсин;

- ушул буйрук күчүнө киргенден кийин үч жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына маалымат үчүн жөнөтүлсүн.

4. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күндөн кийин күчүнө кирет.

5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары У.К. Калманбетовго жүктөлсүн.

**Министр** **Г.К. Абдралиева**

УКБ
жетектөөчү адиси ____________А.М. Сейитова Министр ________________ Г.К. Абдралиева
«_____»_________________2021 г. «_____»_________________2021 г